ЕАЭБде навигациялык пломбаларды колдонуу менен жүк ташууларды көзөмөлдөө боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук операторунун маалыматы.

Евразия экономикалык бирлигинде жүк ташууларды көзөмөлдөө үчүн навигациялык пломбаларды колдонуу жөнүндө 2022-жылдын 19-апрелиндеги Макулдашууну ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасында төмөнкү нормативдик-укуктук актылар кабыл алынган:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы № 507-р буйругу менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын алдындагы «Бажы инфраструктурасы» мамлекеттик ишканасы (азыркы учурда – «Мамлекеттик бажы инфраструктурасы» ААК) (мындан ары – КР Улуттук оператору) Кыргыз Республикасынын аймагында навигациялык пломбаларды колдонуу менен товарларды ташууну көзөмөлдөө тутумунун улуттук жана ыйгарым укуктуу оператору болуп аныкталган.

2. 2024-жылдын 6-сентябрында төмөнкү документтерди иштеп чыгуу жана кол коюу боюнча негизги ички мамлекеттик процедуралар аяктаган:

- КР ФМ караштуу МБК менен Макулдашуу;
- КР ФМ караштуу МСК менен Макулдашуу;
- КР ФМ караштуу МБК жана МСКнын «ЕАЭБдин алкагында Кыргыз Республикасынын аймагында навигациялык пломбаларды колдонуу менен жүк ташууларды көзөмөлдөө механизмин иштетүүнүн тартибин камсыз кылуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» биргелешкен буйругу.

3. 2025-жылдын 20-февралында ЕАЭБдин Улуттук операторлору 2023-жылдын 11-декабрындагы ЕАЭБ Улуттук операторлорунун өз ара аракеттенүүсү жөнүндө Келишимге №1 Кошумча макулдашууну даярдоо жана кол коюу процессин аякташкан.

4. 2025-жылдын 31-мартында КР -Кыргыз Республикасынын Улуттук операторунун операторлорунун автоматташтырылган маалымат системасын- “Тышкы көзөмөл” жана жөнгө салуучу органдардын - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы МБК жана МСК кызматкерлери үчүн “Тышкы көзөмөл” мобилдик тиркемесин түзүү боюнча иштер аяктады.

5. 2024-жылдын октябрынан 2026-жылдын январына чейин КР Улуттук оператору Кытай Эл Республикасынын Jointech компаниясы менен биргеликте JT701D үлгүсүндөгү навигациялык пломбаларды техникалык жана

программалык жактан дагы жаңыртылып, аларды ЕЭКтин №75 Чечиминин жана КР Улуттук операторунун техникалык талаптарына толук шайкеш келтирген. Jointech JT701A үлгүсүндөгү 1200 даана навигациялык пломба сатып алынган.

6. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Антимонополиялык жөнгө салуу кызматынын 2025-жылдын 2-апрелиндеги №22 буйругу жана «МБИ» ААКнын 2026-жылдын 19-январындагы буйругу менен Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарынын талаптарына ылайык Улуттук оператордун кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин (баалардын) прейскурантын даярдоо, бекитүү жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу процесси аяктаган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук операторунун тарифтери

	Биринчи пломба*			Ар бир кийинки пломба*		
	Коюу	Транзит	Чечүү	Коюу	Транзит	Чечүү
Тариф (сом)	13200	3350	9850	6600	0	0
КНС 12%+Сатуу салыгы 2% (сом)	1848	469	1379	924	0	0
Жалпы (сом)	**15048**	**3819**	**11229**	**7524**	**0**	**0**

* Бир ташууга тиешелүү биринчи жана ар бир кийинки пломба үчүн тариф (1 автотранспорт каражаты, 1 темир жол вагону).
* Тышкы экономикалык ишмердүүлүктүн катышуучуларына түшкөн жүктү азайтуу максатында, КР Улуттук оператору бир ташуунун алкагында экинчи жана кийинки навигациялык пломбалар үчүн бекитилген баанын 50% өлчөмүндө арзандатуу берет.

ЕАЭБ Улуттук операторлорунун тарифтери

«ЦРЦП» ООО (Россия Федерациясынын Улуттук оператору). 1 ташуу үчүн тарифтер:

	Коюу	Транзит	Чечүү
Тариф (руб.)	11356,56	6397,54	8889,34
КНС 22%	2498,44	1407,46	1955,66
Жалпы (руб.)	13855	7805	10854
Конвертация сом/рубль на 13.01.26 (1/1,0885)	**15081**	**8496**	**11815**

«ИКТТ» ТОО (Казакстан Республикасынын Улуттук оператору). 1 ташуу үчүн тарифтер:

	Коюу АТС	Транзит АТС	Чечүү АТС	Коюу ТЖ	Транзит ТЖ	Чечүү ТЖ
Тариф (Тенге)	41351	28477	37874	70001	28590	55905
КНС 16%	6616	4556	6060	11200	4574	8944
Жалпы (Тенге)	47967	33033	43934	81200	33164	64849
Конвертация сом/тенге на 13.01.26 (0,1716/1)	**8231**	**5668**	**7539**	**13934**	**5691**	**11128**

«БТС» РУП (Беларусь Республикасынын Улуттук оператору). 1 ташуу үчүн тарифтер:

	Коюу	Транзит	Чечүү
Тариф (Бел. руб.)	450	150	300
КНС 20 %	90	30	60
Жалпы (Бел. руб.)	540	180	360
Конвертация сом/бел. рубль на 13.01.26 (30,1249/1)	**13556**	**4067**	**8134**

Эскертүү:
Армения Республикасынын Улуттук оператору - ООО «АрмДжиПиЭс»нын тарифтери АР аймагында навигациялык пломбалар колдонулбагандыгына байланыштуу берилген эмес.

Маршрут боюнча катышкан бардык Улуттук операторлордун кызматтары үчүн төлөм жүктү жөнөткөн өлкөдө жүргүзүлөт.

7. Өткөн мезгил ичинде улуттук деңгээлде КР МБК, МСК жана КР Улуттук оператору тарабынан жүк ташууларды көзөмөлдөө боюнча биргелешкен иштин алкагында төмөнкү маалыматтык иш-чаралар уюштурулуп өткөрүлгөн.

- 2024-жылдын 6-декабры - МБКнын жетекчилиги, ЕЭКтин бажы кызматташтыгы боюнча министри Давыдов Р. В. жана ЕЭКтин интеграция боюнча министри Иманалиев Д. Ш. үчүн долбоордун презентациясы;
- 2025-жылдын 17-январы – КР ПАда долбоордун презентациясы;
- 2025-жылдын 29-апрели - ТЭИнин катышуучулары МСК үчүн долбоордун презентациясы;
- 2025-жылдын 15-майы- МСК жана ЕАЭБ бөлүмүнүн кызматкерлери үчүн автоматташтырылган маалыматтык системанын (АИМ) презентациясы;

- 2025-жылдын 14-июлу – МСК жетекчилиги жана КР УКМК караштуу Чек ара кызматы үчүн долбоордун презентациясы;
- 2025-жылдын 16-июлу -ТЭИнин катышуучулары менен маалыматтык жолугушуу;
- 2025-жылдын 25-ноябры -КР менен Казакстан Республикасынын ортосундагы Меморандумду ишке ашыруу маселелери боюнча МСКнын жетекчилиги менен жумушчу жолугушуу;
- 2025-жылдын 3-декабры - ТЭИнин катышуучулары үчүн долбоорду чагылдыруу боюнча медиапланды даярдоо жана ишке ашыруу маселелери боюнча МБК басма сөз кызматы менен жумушчу жолугушуу.
- 2025-жылдын 15-январы – 2026-жылдын 11-февралынан тартып жүктөрдү ташууларды көзөмөлдөө системасын ишке киргизүү маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук оператору, Мамлекеттик салык кызматынын жетекчилиги жана тышкы экономикалык ишмердүүлүктүн катышуучулары менен биргелешкен жолугушуу.

8. КР Улуттук оператору тарабынан КР МК караштуу МСК менен КР ФМ караштуу МКК ортосунда түзүлгөн Меморандумдун алкагында (2025-жылдын 1-декабрынан 2026-жылдын 15-январына чейин), ошондой эле БР-РФ-КР- КР багытындагы жүк ташууларды тесттик режимде көзөмөлдөө долбоорунун алкагында (2025-жылдын 10-ноябрынан 2026-жылдын 31-январына чейин) бир катар пилоттук долбоорлор ишке ашырылган.

9. КР Улуттук оператору өзүнүн веб-сайтында жана көзөмөлдөөчү органдардын веб-сайттарында(https://gti.kg/, https://www.customs.gov.kg/site/ru/master/customskg, https://sti.gov.kg/), ошондой эле ЖМКда жайгаштыруу үчүн кошумча маалыматтык материалдарды даярдап жатат, бул тышкы соода катышуучуларын жакында киргизиле турган жүктөрдү көзөмөлдөө жана эрежелер жөнүндө маалымдоо үчүн жасалууда. Маалыматты ошондой эле К Р Улуттук операторунун Мониторинг борборунун колл борборунан 1205 номерине чалып алууга болот.

10. ЕЭК Коллегиясынын 2025-жылдын 23-сентябрындагы №84 Чечими менен ЕАЭБде жүк ташууларды көзөмөлдөөнү практикалык ишке киргизүү датасы 2026-жылдын 11-февралы аныкталган.

Маалымат үчүн

ЕАЭБде навигациялык пломбаларды колдонуу жөнүндө Макулдашуунун алкагында көзөмөлгө ТН ВЭДдин 9 коду (алкоголь жана тамеки продукциясы), ошондой эле санкцияланган товарлар кирет. Башка товардык топтор ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин макулдашуусу менен кошулат.

- КР ЭНП коюу жерлери болуп кыргыз-казак мамлекеттик чек арасындагы (Чүй жана Талас облустарында жайгашкан) 4 өткөрүү пункту (өз ара соода жүргүзүүдө), ААБПЖ жана УСК (бажы транзити жана экспорт бажы жол-жоболорунда) эсептелет.
- ЭНПны чечүү жери -жүктү алуучунун аймагы (өз ара соода жүргүзүүдө) же УСК (бажы транзити бажы жол-жобосунда);
- Ошондой эле ЭНПны коюу/ чечүү жерлери болуп КТЖ улуттук компаниясынын 9 ТЖ станциясы эсептелет.

КР Улуттук оператору КР МК 2022-жылдын 27-сентябрындагы №538 токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын ичиндеги жүктөрдү көзөмөлдөө боюнча оператору катары, ЕАЭБнын масштабында жүктөрдү көзөмөлдөө долбоорун ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн жетиштүү кызматкерлердин (операторлордун) штатына жана топтолгон практикалык тажрыйбага ээ.